«Бекитемин»
Ош мамлекеттик университетинин
ректору, профессор К. Г. Кожобеков
_______________

2021-ж. «30» 12

**Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин “Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы” кафедрасынын протоколунан көчүрмө №_____**

**Ош ш. 2021-ж. 29-декабрь**

**Катышкандар:** отурумдун төрагасы, кафедра башчысы ю.и.к, доцент Татенов М.Б. (12.00.01), ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К. (12.00.01), (12.00.02), ю.и.д., профессордун м.а. Мурзаибраимов Н.Б., ю.и.к., доцент Парайдин уулу Шайлообек (12.00.01), ю.и.к., доцент Дехканова Ж.А. (12.00.01), ю.и.к., доцент Жусупов Б.А. (12.00.01),(12.00.08), ю.и.к., доцент Мамазакиров Р.У. (12.00.01), ю.и.к., доцент Эгембердиева Н.А. (12.00.01), ага окут. Атантаев А.Т.

**Кафедранын мүчөлөрү:** улук окут. Токторова Ж., ага окут. Минбаев С.А., ага окут. Алтыбаев К.А., окут. Танатарова Ф.А., окут.Табалдиев Н., окут. Жумабаева А.

**Отурумдун төрагасы** - кафедра башчысы ю.и.к., доцент Татенов М.Б.

**Отурумдун катчысы** – Нийматжан кызы Н.

**Күн тартибинде:**

Токтобаева Элнура Маматмусаевнанын “Кыргыз Республикасындагы аялдардын укуктары жана эркиндиктери: теория жана практика” аттуу темадагы 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган диссертациясыны талкуулоо.

**Угулду:**

**Отурумдун төрагасы ю.и.к., доцент Татенов М.Б.:** Урматтуу отурумдун катышуучулары! “Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы” кафедрасында даярдалган 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндо окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасына изденүүгө көрсөтүлгөн изденүүчү Токтобаева Элнура Маматмусаевнанын “Кыргыз Республикасындагы аялдардын укуктары жана эркиндиктери: теория жана практика” темасындагы кандидаттык диссертациясы алдын ала берилген. Илимий жетекчиси: юридика илимдеринин доктору, профессор Кулдышева Гулсара Кенжеевна.

Менимче аталган тема кызыктуу, актуалдуу, диссертабилдүү темалардан деп ойлойм. Автордун диссертациясы жана автореферaты алдыңарда. Диссертациялык иш жана автореферат таанышууга күн мурунтан эле берилген.

**Токтобаева Э.М.:** Чоң рахмат! Сиздер уруксат берсеңиздер диссертациялык изилдөөмдүн негизги мазмуну менен тааныштырсам.

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болуу менен укуктук демократиялык мамлекет курууга карай жол алды жана бул ары улуу, ары маанилүү милдет өлкөнүн Негизги Конституциясына жана ошондой эле тармактык мыйзамдык ченемдерге негизделет.

Мында аялдардын психологиялык, физиологиялык жана нравалык-руханий өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алардын укугун жана эркиндигин толук камсыз кылуу өзгөчо курч практикалык мааниге ээ. Республикабыздын жалпы калкынын жарымынан көбүн аялдар түзгөнү менен алардын мыйзамдык укуктарын, эркиндигин жана кызыкчылыктарын иш жүзүндө жана ошондой эле юридикалык жактан камсыз кылуу маселеси азыркы күнгө чейин кыргыз коомчулугунда курч маселелердин бири боюнча калууда.

Адам укугуна жана эркиндигине тиешелүү дээрлик бардык мыйзамдык актыларда аялдардын укугун жана эркиндигин караган айрым-айрым главалар, бөлүмдөр, беренелер, жоболор бар. Мындай укуктук салт-традициянын азыркы Кыргыз Республикасында улам алдыга карай өнүгүп келе жатышы жон гана тарыхый тартуу эмес, ал байыртадан диний-укуктук жана ошондой эле цивилизациялык укуктук тартипке салуунун негиздеринде эволюциялык жол менен ыраатттуу түрдө улам калыптанып жана өнүгүп-осүпкеле жаткан укуктук система. Булардын бардыгы натыйжада аялдардынукугун жана эркиндигин коргоого алууга багытталган укуктук комплекстердин калыптануусуна жана андан ары өнүгүүсүнө өбөлгө болду. Тактап айтканда, аялдардынукугун жана эркиндигин коргоого багытталган Кыргыз Республикасынын азыркы мыйзамдары аялдардын социалдык-укуктук тең укуктуулугуна жана эркиндигине тиешелүү бардык укуктук багыттагы баалуулуктарды жана жетишкендиктерди өз ичине камтыган. Бул, албетте, Кыргызстандын укуктук системасын байыткан улуттук укуктук салттуулуктун кызматы жана ал азыркы Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын ажырагыс гармоникалык бир бөлүгүнө айланды.

Илимий коз караштан алып караганда, Кыргызстандын аялдардынукугун жана эркиндигин коргоого алууга багытталган мыйзамдары бул проблематикадагы изилдөө иштеринен кандайдыр деңгээлде алдыга озуп кеткен деп да айта алабыз. Биз сөз кылып жаткан маселеге илимий-практикалык негизде мамиле жасамайын, аялдардынукугун жана эркиндигин коргоого алуунун натыйжалуу механизмдерин жана принциптерин иштеп чыкмайын, бул проблема боюнча конституциялык принциптерди жана милдеттерди турмушка ашыруунун реалдуу өбөлголөрүн түзмөйүн эркектер менен аялдардын толук түрдөгү тең укуктуулугуна жетишүү абдан кыйын. Жогоруда белгиленип кеткендерден улам ата мекендик укук таануу илими

теориялык жактан да, тармактык жактан да биз изилдөөгө алган маселеге монографикалык деңгээлде мамиле жасап келгендигин моюнга алууга туура келет.

Кыргызстан аялдарынын укугу жана эркиндиги тууралуу мыйзамдарды кайрадан карап чыгууга, аларды жакшыртууга жана толуктоо, өзгөртүүлөрдү киргизүүгө комплекстүү мамиле жасоо зарыл. Албетте, биз изилдөөгө тандап алган маселени бир диссертациялык изилдөөнүн алкагында чече коюу мүмкүн эмес, ошентсе да көтөрүлүп жаткан проблематиканын орчундуу багыттарын иштеп чыгууга толук мүмкүн жана биз да дал ушул максатты көздөдүк.

Аялдардын укугу жана эркиндиги тууралуу мыйзамдардын өнүктүрүү, аларда каралган милдеттерди турмушка ашыруу маселелери буга чейин да тигил же бул деңгээлде көптөгөн изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде чагылдырылып келген. Ата мекендик укук таануу илиминде ушул күнгө чейин аялдардын укугу жана эркиндиги тууралуу мыйзамдардын иштелип чыгышын, калыптанышын жана өнүктүрүлүшүн илимий-практикалык негизде комплекстүү түрдө изилдөөгө алган эмгек жок десек жаңылышпаган болор элек. Бирок да, илимий-юридикалык адабияттарда биз изилдөөгө алган маселе боюнча түрдүү деңгээлде сунуштар жана пикирлер, ой толгоолор (айрымдарында эпизоддук деңгээлде болсо да) айтылып келет.

Борбордук Азия республикаларында да аялдардын укугу жана эркиндиги боюнча бир топ кеңири маселелер каралган илимий эмгектер жазылган. Мында Б.И. Бөрүбашевдин, К.Г. Алиеванын, Р.Х. Гафурованын, М.Ф. Керимбаеванын, В.П. Палванованын, Ж.С. Татыбекованын фундаменталдуу изилдөөлөрүн өзгөчө белгилеп кетүүгө болот .

Кыргыз Республикасындагы аялдардын тең укуктуулугу жана эркиндиктерижөнүндөгү мыйзамдардын өнүгүү деңгээлин теориялык-укуктук жактан изилдөөгө алуу.

Алдыга коюлган максаттарды ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттерди белгилеп алдык:

- салттык-традициялык кыргыз коомчулугундагы аялдардын укуктук жоболорун изилдөөгө алуу;
- кыргыз коомчулугундагы трансформация мезгилдериндеги аялдардын тең укуктуулугу жана эркиндиктери жөнүндөгү мыйзамдардын өнүгүүсун талдоого алуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы аялдардын тең укуктуулугу жана эркиндиктери жөнүндөгү түшүнүктөрдү системага салуу;
- республикадагы аялдардын экономикалык, социалдык жана саясий тең укуктуулугунун жана эркиндиктеринин өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;
- Кыргыз Республикасында аялдардын тең укуктуулугун жана эркиндиктерин камсыз кылуудагы институционалдык өнүгүү тендециялларын аныктоо;

- Кыргыз Республикасында аялдардын тең укуктуулугун коргоого алуу боюнча улуттук мыйзамдардын калыптануусуна жана өнүгүүсүнө эл аралык укуктук ченемдердин тийгизген оң таасирлерин изилдөөгө алуу.

Изилдөөнүн предмети - Кыргыз Республикасынын нормативдик-уктук актылары, аялдардын тең укуктуулугу жана эркиндиктери тууралсындагы ченемдерди бекитүүчү юридикалык актылар.

Изилдөө иштерибизде аялдардын иш жүзүндөгү абалын жана анын мамлекеттик түзүлүштөгү, эң эле негизгиси, кыргыз элинин улуттук мамлекеттүүлүгүнүн чектериндеги саясий, экономикалык, маданий жана үй-бүлөлүк – турмуштук шарттардагы эволюциялык өзгөрүүсүн, өсүп-өнүгүүсүн чагылдырган архивдик жана документтик булактар пайдаланылды. Ал булактардын эң эле негизгилери - ССР Союзунун, союздук жана автономиялык советтик социалисттик республикалардын аялдардын тең укуктуулугу жана эркиндиги жөнүндөгү алгачкы декреттери, нормативдик-укуктук актылары.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы болуп Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки мезгилдер ичинде аялдардын тең укуктуулугу жана эркиндиктери тууралсындагы мыйзамдык принциптердин жана ченемдердин эволюциялык өнүгүүсүнө талдоо жасоо болуп эсептелет жана ошондой эле республикадагы азыркы саясий-экономикалык абалга байланыштуу ал мыйзамдарды жакшыртуу боюнча сунуш, пикирлердин берилгендигинде.

Укуктук сабаттуулуктун өнүгүшү мененаялдардын тең укуктуулугу жана эркиндиктери тууралсындагы мыйзамдык принциптерди жана жоболорду иштеп чыгуу, аларды турмушка ашыруу кийинки мезгилдерде бир топ сапаттуу жолго түшө баштады. Бул тарыхый-соңиалдык жана укуктук өзгөчөлүктөрдү, сапаттык-укуктук жакшырууларды жана өсүп-өнүгүүлөрдү хронологиялык тартипте изилдөөгө алуу максатында диссертациялык ишибизде ар бир бурулуш учурларга тарыхый-укуктук талдоо жасоого аракеттер жасалды.

Изилдөө ишинин жаңылыгы коргоого алып чыгылган төмөнкүдөй жоболор менен аныкталып турат:

1. Адамдын, анын ичинде аялдардын укугу тууралуу көп түрдүү пикирлердин болгондугуна карабастан бул багыттагы негизги маселе цивилизациялык мамлекеттердеги турмуштук зарылчылык, жогорку социалдык баалуулук, мамлееттик органдардын иш-аракеттеринин натыйжалуулугунун критерийи, мыйзамдардын жана башка нормативдук укуктук актылардын сапаты катары каралып келет.

Аялдардын укугунун жана эркиндигинин коргоого алынышы кечээ, бүгүн эле чыга калган зарылчылык эмес. Байыркы мезгилдерден баштап эле аялдардын үй-бүлөдөгүжана коомдогу орду жана кызматы эске алынуу менен алардын укугу жана милдеттери тигил же бул деңгээлде укуктук жактан тартипке салынып келген. Совет мезгилине чейинки кыргыз элинде мусулман дининин эрежелерине жана тыюу салууларына ылайык аялдардын

укугу эркектердин укугуна салыштырмалуу бир топ төмөн турган. Буга көп аял алуу, кыз баланы өз эркине карабай турмушка берүү же эрте турмушка чыгаруу, калыңсыз кыз бербөө, жалпы кеңештерге аялдардын катыша албастыгы сыяктуу жагдайлар буга күбө.

2. Кыргыз Республикасында аялдардын тең укуктуулугу жана эркиндиктери туурасындагы мыйзамдык принциптердин калыптанышына жана өнүгүшүнө түпкү тамыры алыска кеткен тарыхый, улуттук – турмуш-тиричиликтик өзгөчөлүктөр, элдин улуттук каада-салттары жана үрп-адаттары өз таасирин тийгизбей койгон жок. Советтик система адеп орногондон баштап эле Советтер Союзунун башка бардык республикалары сыяктуу эле Советтик Кыргызстанда да эркектер менен аялдардын тең укуктуулугун юридикалык жактан камсыз кылуу биринчи деңгээлдеги күн тартиптеринин бирине айланды.

3. Эркектер менен аялдардын тең укуктуулугуна коомдук турмуштун бардык тармактарында мыйзамдык негизде жетишүү маселеси курч коюла баштады. Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасында социалисттик башталыштарга негизделген эркектер менен аялдардын тең укуктуулугунун мыйзамдык негизде бекитилиши кыргыз аялдарынын экономикалык, саясий жана укуктук жактан активдешүүсүнө өбөлгө болду.

4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аялдардын укугун жана эркиндигин түз маанисинде да, кыйыр түрдө да чектөөгө алган беренелер таптакыр жок. Өкмөттө жана коомдук уюмдарда аялдардын коомдук турмуштагы статусунун жогорулоосуна дайыма кам көрүлүп келет. Бирок да, тилекке каршы, кыргыз коому салттык-традициялык жана терендеп кеткен диний аң-сезимдерден биротоло арыла албай жаткандыгына байланыштуу эркектер менен аялдардын коомдогу, турмуш-тиричиликтеги социалдык орду бипбирдей деп айта албайбыз.

5. Көпчүлүк өнүккөн өлкөлөрдө колдонулуп келе жаткандай мамлекеттик бийлик органдарындагы гендердик паритетке жетишүү зарыл. Алардын ичинде:

1) Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарда кеңештерди, комитеттерди, президиумдарды жана башка башкаруу органдарын түзүүдө эркектер менен аялдардын шайланышынын жана дайындалышынын пропорционалдык тартибин сактоо эрежесин мыйзамдык негизде бекитүү.

2) Мамлекеттик кызматтарга шайланган же дайындалган эркектер менен аялдардын саны бирдей болуп калганда буга чейин аз болуп келгендерине артыкчылык берүү менен буга чейин болуп келген айырмачылыктарды жоюу.

3) Мамлекеттик кадр саясатынын консепциясын иштеп чыгууда түрдүү деңгээлдердеги бийлик органдарындагы жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу бийликтериндеги орто звенонун башкармалыктарындагы, бийлик органдарындагы жетекчиликтерге аялдардын көбүрөөк шайланышын же дайындалышын жогорулатуу боюнча комплекстүү чараларды кабыл алуу.

6. Аялдардын тең укуктуулугун жана эркиндиктерин камсыз кылуунун мамлекеттик гендердик саясаты өзүнүн арсеналында натыйжалуу жеңилдик берүүчү-колдоого алуучу каражаттарга ээ болууга тийиш. Аялдардын коомдук уюмдары мамлекеттик саясаттын ажырагыс бир бөлүгүнө айлануу менен алардын жардамында аялдардын тең укуктуулугун жана эркиндиктерин коргоого, азыркы кыргыз аялдарынын маданий-руханий өнүгүүсү үчүн гуманитардык чөйрөнү түзүүгө багытталган мамлекеттик программалар жана стратегиялык пландар ишке ашырылууга тийиш.

7. Жалпысынан алганда, эл аралык-укуктук нормалар аялдардын тең укуктуулугуна жетишүүсү үчүн маанилүү шарттарды жана өбөлгөлөрдү түзөт. Бирок да, мыйзамдык укуктар жана эреже, жоболор менен турмуш чындыгынын ортосундагы ажырымды кескин кыскартуунун зарылдыктары келип чыгууда. Буга 2021-жылдын 28-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттыкка бир мандаттуу шайлоонун түрү эң сонун мисал турат жана мында бир да аял депутаттыкка шайланган жок.

Изилдөөнүн практикалык мааниси анда келтирилген корутундулардын биз изилдөөгө алган тармактагы мыйзамдардын өркүндөтүлүшүндө жана ошондой эле алардын иш жүзүндө колдонулушунда, зарыл учурларда конкреттүү нормативдик укуктук актылардын тандалып алынышында болууда. Диссертациялык изилдөөнүн материалдары жана натыйжалары адам укугун изилдөө курстарында, анын ичинде, Кыргыз Республикасындагы гендердик проблемага аралган лекциялык жана семинардык сабактарда, атайын курстарда, биз изилдөөгө алып жаткан тема боюнча методикалык жана окуу куралдарын жазууда пайдаланылат. Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат!

**Татенов М.Б.:** Изденүүчүгө суроо берип талкулоого өтөлү.

**Мурзаибраимов Н.Б.:** Урматтуу кесиптештер, мамлекеттик тилде жазылган бул илимий изилдөө иши укук илиминдеги чоң жетишкендик деп эсептейм, Токтобаева Элнура менен илимий жетекчиси чоң иш аткарды. Диссертация боюнча бүгүнкү отурумда талкуулап жаткан диссертациялык иштин темасы абдан актуалдуу. Менин суром: илимий изилдөөңүздө аыркы учурда Кыргызстанда аялдардын укуктарын мамлекеттик кызмат деңгээлинде көтөрүү үчүн кандай иштерди жасоо керек деп ойлойсуз?

**Токтобаева Э.М.:** Нурбек Бектемирович, суроонузга чоң рахмат. Менин оюмча аялдардын ролун мамлекеттик кызмат чөйрөсүндө активдештирүү керек. Ал үчүн:

1. Мамлекеттик башкаруу системасында гендердик тең салмактуулукту камсыз кылуу максатында республикалык, облаcттык жана райондук мекемелердин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жергиликтүү жамааттардын алдында түзүлгөн структуралардын ишине аялдардын катышуусун жогорулатуу;

2. Аялдардын ишкердик демилгелерин өнүктүрүү жана колдоо үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүү, рынок экономикасы үчүн кадрларды даярдоону жана аларга аялдарды интеграциялоону камсыз кылуу;

3. Гендердик билим берүү жана инсанды социалдаштыруу процессин өркүндөтүү, аялдардын адам укуктарын сактоого, өз ара урматтоого жана дүйнөдө аялдар менен эркектердин ролуна жаңы көз карашка негизделген тең укуктуу өнөктөштүктүн жаңы моделдерин түзүү керек.

**Дехканова Ж.А.:** Дисертациянын актуалдулуугу талашсыз, менин суром - Кыргызстандагы акыркы шайлоодо аялдардын укуктары сакталдыбы, кандай артыкчылыктар берилди же аялдардын укуктары чектелип калдыбы?

**Токтобаева Э.М.: С**урооңузга терең ыраазычылык билдирем. Кыргыз Республикасында аялдардын укук жана эркиндиктери жогорку денгелде сакталып жана ишке ашырылып келет. Акыркы саясий иштерде аялдар үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр берилди.Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамына ылайык Саясий партия алган мандаттарды бөлүштүрүүдө алгач, саясий партия алган мандаттардын жалпы санынын 30 пайыздан кем эмеси шайлоочулардын кыйла көп добушун алган аял талапкерлердин арасында бөлүштүрүлүүгө тийиш деп каралган. Андан сырткары аял жынысындагы депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда, аял жынысындагы талапкерлердин ичинен келүүсүнө шарт түзүлгөн.

**Парайдин уулу Ш.:** Кыргызстанда аял укуктары жана эркиндиктери үчүн күрөшкөн кайсыл кыргыз аялдарын айта аласыз?

**Токтобаева Э.М.:** Рахмат! Суроонузга терең ыраазычылык билдирем жана айткан сын-пикириңизди илимий изилдөө ишимде эске алам. Кыргызстанда кыргыз аялдарынын укук жана эркиндиктери үчүн күрөшкөн аялдар катары Курманжан Датка, Уркуя Салиева, азыркы учурда укук коргоочу аялдар катары Рита Карасартова, Токтайым Уметалиева, Азиза Абдурасулова, Роза Отунбаева ж.б. айтсак болот.

**Татенов М.Б.:** Дагы Э.М. Токтобаевага суроо барбы? Жок болсо, ишибизди уланталы. Сөз илимий жетекчисине, ю.и.д., профессор Г.К. Кулдышевага.

**Кулдышева Г.К.:** Рахмат! Саламатсынарбы, урматтуу коллегалар. Токтобаева Элнура тарабынан сунушталган илимий изилдөөсүнүн темасы актуалдуу, азыркы өткөөл мезгилдин учурунда өтүп жаткан реформалар жана процесстер коомдогу бардык социалдык институттарды камтып, өз учурунда адам, анын ичинде аялдын укуктарын жана эркиндиктерин да козгойт. Өзү аялзат болуп ушул темада илимий изилдөө жүргүзгөнү абдан сонун көрүнүш, андыктан козголгон темада коюлган маселелерди аялзат катары турмуштук жана башка коптогон тажрыйбасы бар.

Жогоруудагы айтылган боюнча диссертация актуалдуу темага арналган, Кыргыз Республикасында аялдардын укугун жана эркиндигин коргоого жана алар үчүн эркектер менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдү жана шарттарды камсыз кылууга багытталган бир катар укуктук нормативдик актылар иштелип чыкты. Азыркы кыргыз коомчулугунда аялдардын саясий,

турмуштук активдүүлүгүн калыптандырууга, алардын коомдогу орчундуу позицияларын калыптандырууга тиешелүү бир топ мамлекеттик программалар иштелип чыгып, бекитилип жана алар иш жүзүнө ашырылууда.

Илимий көз караштан алып караганда, Кыргызстандын аялдардын укугун жана эркиндигин коргоого алууга багытталган мыйзамдары бул проблематикадагы изилдөө иштеринен кандайдыр деңгээлде алдыга озуп кеткен деп да айта алабыз. Биз сөз кылып жаткан маселеге илимий-практикалык негизде мамиле жасамайын, аялдардынукугун жана эркиндигин коргоого алуунун натыйжалуу механизмдерин жана принциптерин иштеп чыкмайын, бул проблема боюнча конституциялык принциптерди жана милдеттерди турмушка ашыруунун реалдуу өбөлгөлөрүн түзмөйүн эркектер менен аялдардын толук түрдөгү тең укуктуулугуна жетишүү абдан кыйын. Жогоруда белгиленип кеткендерден улам ата мекендик укук таануу илими теориялык жактан да, тармактык жактан да биз изилдөөгө алган маселеге монографикалык деңгээлде мамиле жасап келгендигин моюнга алууга туура келет.

Илимий жетекчи катары, жыйынтыктап айтканда, бул диссертациялык изилдөөнү өз алдынча аякталган илимий эмгек катары бааласак болот жана ачык коргоого татыктуу деп эсептеймин.

Токтобаева Элнура Маматмусаевнанын диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Улуттук Аттестациялык Комиссиясынын диссертациялык эмгектерге койгон талаптарына толугу менен жооп берет жана дал келет деп эсептейм.

Жогорудагыларды эске алуу менен Токтобаева Элнура Маматмусаевнанын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча “Кыргыз Республикасындагы аялдардын укуктары жана эркиндиктери: теория жана практика” аттуу темада жазылган кандидаттык диссертациясын юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу.

Ошондуктан сиздерден, урматуу коллегалар суранат элем – Токтобаева Элнура тарабынан сунушталып жаткан диссертацияны колдоп ачык коргоого сунуштоону колдоп бериниздер.

**Татенов М.Б.:** Сөз рецензенттерде – ю.и.к., доцент Жусупов Б.А.

**Жусупов Б.А.:** Урматтуу кесиптештер, кутмандуу кунуздор менен! Токтобаева Элнура Маматмусаевнанын тарабынан сунушталган “Кыргыз Республикасындагы аялдардын укуктары жана эркиндиктери: теория жана практика” деген темадагы диссертация учурдагы актуалдуу деп эсептеймин. Оң баа беруу менен кээ бир сунуштарымы айтууга уруксат бериниздер:

1 бап “КР аялдардын укуктары жана эркиндиктерин институтунун калыптанышы” боюнча төмөндөгүлөргө конүл буруу зарыл:

- Традициялык коомдогу аялдардын укуктук статусу;

- Кыргыз коомунун трансфармациясындагы аялдардык укуктук статусу;
- Аялдар укугунун конструкңиясы.

2 бап “Аялдардын укуктук, социалдык, экономикалык, саясий укутары”:

- экономикалык укуктары;
- социалдык укуктары;
- саясий укуктары.

3 бап “КРдагы аялдардын укук жана эркиндиктери институтутун өркүндөтүүсү”:

- аялдар укугу жана эркиндиги институтун өркүндөтүү, жакшыртуу;
- аялдар укугун коргоону улуттук жана эл аралык механизмдер.

Бул айтылган сын-пикир диссертацияны оң балоодо таасирин тийгизбейт, сунуш катары кабыл алгыла.

Мен, Токтобаева Элнура Маматмусаевнанын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча “Кыргыз Республикасындагы аялдардын укуктары жана эркиндиктери: теория жана практика” аттуу темада жазылган кандидаттык диссертациясын юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу деп эсептеймин.

**Татенов М.Б.:** Болот Асанович, чоң рахмат! Азыркы сөз Мамазакиров Рустам Умаровичке берилет.

Уруксат берсениздер мен диссертация боюнча пикиримди айтып кетсем. Диссертант тарабынан сунушталган илимий иштин темасы учур талабына жоп берет. Диссертациялык изилдөө өз алдынча аткарылган илимий иш катары бааласак болот жана анын натыйжалары Кыргыз Республикасындагы аялдардын укуктары жана эркиндиктери тууралуу мыйзамдардын өнүктүрүү, аларда каралган милдеттерди турмушка ашыруу маселелери буга чейин да тигил же бул деңгээлде көптөгөн изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде чагылдырылып келген. Иштеги алынып чыккан жоболор илимий изилдөөнүн жаңылыгын жана практикалык маанисин түзөт, Кыргыз Республикасында аялдардын укуктары жана эркиндиктери боюнча мыйзам актыларына өзгөртүү толуктоолорду киргизүүгө, жакшыртууга багытталган. Токтобаева Элнура тарабынан жарык көргөн статьялардын саны жетиштуу жана КР ЖАК тарабынан коюлган талаптарга ылайык.

Айтыпкетчу жагдай, талкулап жаткан диссертация боюнча пикирим оң, кээ бир кемчиликтерге көңүл буруу зарыл:

- Илимий ишти КР ЖАКнын талаптарына келтирүү.
- Илимий иштин ар бир параграфында тыянактар чыгарулусу керек.

Жыйынтыктап айтканда, Токтобаеванын илимий изилдөөсү КР ЖАК талаптарына толугу менен жооп берет жана Токтобаева Элнура Маматмусаевнанын “Кыргыз Республикасындагы аялдардын укуктары жана

эркиндиктери: теория жана практика" деген темадагы жазылган коргоого сунуштаймын, автор юридика илимдеринин кандидаты илимий даража алууга татыктуу.

**Татенов М.Б.:** Рахмат!

Бүгүнкү отурумдун катышуучулары диссертациянын жакшы жактарын айтышты. Мен дагы авторго ийгилик каалоо менен бирге диссертациялык ишти диссертациялык кеңеште коргоого сунуштайм.

Жогорудагы айтылган сын прикирлерди эске алуу менен аны коргоого сунуштасак болот. Добуш берүүнүздөрдү суранам.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

" Макул" – талкуууга катышкан бардыгы; " Каршы"- жок; " Калыс" – жок

Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча Токтобаева Элнура Маматмусаевнанын диссертациясын короого " макул" болгондор.

**Ош мамлекеттик университетинин**
**юридика факультетинин**
**"Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы"**
**кафедрасынын корутундусу:**

Токтобаева Элнура Маматмусаевнанын "Кыргыз Республикасындагы аялдардын уктары жана эркиндиктери: теория жана практика" 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндо окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган темасындагы кандидаттык диссертациясын боюнча талкуу.

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Азыркы кыргыз коомчулугунда аялдардын саясий, турмуштук активдүүлүгүн калыптандырууга, алардын коомдогу орчундуу позицияларын калыптандырууга тиешелүү бир топ мамлекеттик программалариштелип чыгып, бекитилип жанаалар иш жүзүнө ашырылууда. Илимий көз караштан алып караганда, Кыргызстандын аялдардынукугун жана эркиндигин коргоого алууга багытталган мыйзамдары бул проблематикадагы изилдөө иштеринен кандайдыр деңгээлде алдыга озуп кеткен деп да айта алабыз. Биз сөз кылып жаткан маселеге илимий-практикалык негизде мамиле жасамайын, аялдардынукугун жана эркиндигин коргоого алуунун натыйжалуу механизмдерин жана принциптерин иштеп чыкмайын, бул проблема боюнча конституциялык принциптерди жана милдеттерди турмушка ашыруунун реалдуу өбөлгөлөрүн түзмөйүн эркектер менен аялдардын толук түрдөгү тең укуктуулугуна жетишүү абдан кыйын. Жогоруда белгиленип кеткендерден улам ата мекендик укук таануу илими теориялык жактан да, тармактык жактан да биз изилдөөгө алган маселеге монографикалык децгээлде мамиле жасап келгендигин моюнга алууга туура келет.

Кыргызстан аялдарынын укугу жана эркиндиги тууралуу мыйзамдарды кайрадан карап чыгууга, аларды жакшыртууга жана толуктоо, өзгөртүүлөрдү

киргизүүгө комплекстүү мамиле жасоо зарыл. Албетте, жогоруудагы проблемаларды бир диссертациялык изилдөөнүн алкагында чече коюу мүмкүн эмес, ошентсе да көтөрүлүп жаткан проблематиканын орчундуу багыттарын иштеп чыгууга багытталган.

**Коюлган максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкү милдеттер чечилди**:

- салттык-традициялык кыргыз коомчулугундагы аялдардын укуктук жоболорун изилдөөгө алуу;
- кыргыз коомчулугундагы трансформация мезгилдериндеги аялдардын тең укуктуулугу жана эркиндиктери жөнүндөгү мыйзамдардын өнүгүүсүн талдоого алуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы аялдардын тең укуктуулугу жана эркиндиктери жөнүндөгү түшүнүктөрдү системага салуу;
- республикадагы аялдардын экономикалык, социалдык жана саясий тең укуктуулугунун жана эркиндиктеринин өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;
- Кыргыз Республикасында аялдардын тең укуктуулугун жана эркиндиктерин камсыз кылуудагы институционалдык өнүгүү тендецияларын аныктоо;
- Кыргыз Республикасында аялдардын тең укуктуулугун коргоого алуу боюнча улуттук мыйзамдардын калыптануусуна жана өнүгүүсүнө эл аралык укуктук ченемдердин тийгизген оң таасирлерин изилдөөгө алуу.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси** – анда келтирилген корутундулардын биз изилдөөгө алган тармактагы мыйзамдардын өркүндөтүлүшүндө жана ошондой эле алардын иш жүзүндө колдонулушунда, зарыл учурларда конкреттүү нормативдик укуктук актылардын тандалып алынышында болууда. Диссертациялык изилдөөнүн материалдары жана натыйжалары адам укугун изилдөө курстарында, анын ичинде, Кыргыз Республикасындагы гендердик проблемага аралган лекциялык жана семинардык сабактарда, атайын курстарда, биз изилдөөгө алып жаткан тема боюнча методикалык жана окуу куралдарын жазууда пайдаланылат.

**Изденүүчү бастырып чыккан иштеринде диссертациянын материалдары толук жарыялангандыгы.** Диссертацияда автор тарабынан сунушталган теориялык корутундулар жана сунуштар бир нече эл аралык, окуу жайлар аралык илимий жана илимий-практикалык конференцияларда окулган.

**Диссертациялык иштин негизги жоболору** тогуз жарыяланган эмгектерде чагылдырылган.

**Диссертациянын адистике туура келиши.** Изденүүчү Токтобаева Элнура Маматмусаевнанын “Кыргыз Республикасындагы аялдардын укуктары жана эркиндиктери: теория жана практика” темасындагы аткарылган диссертациясын өзүнүн түзүлүшү жана мазмуну боюнча 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигине туура келет.

**Ош мамлекеттик университетииин**
**юридика факультетинин**
**“Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы” кафедрасы**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасына изденүүгө көрсөтүлгөн изденүүчү Токтобаева Элнура Маматмусаевнанын “Кыргыз Республикасындагы аялдардын укуктары жана эркиндиктери: теория жана практика” темасындагы кандидаттык диссертациясынын Ош мамлекеттик университетинин “Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы” кафедрасында талкулоо боюнча **корутундусу** бекитилсин.

2. Токтобаева Элнура Маматмусаевнанын “Кыргыз Республикасындагы аялдардын укуктары жана эркиндиктери: теория жана практика” темасындагы кандидаттык диссертациясы **жактырылсын** жана кошумча талкуулоонун жүрүшүндө келтирилген сын-пикирлерди эске алуу менен диссертациялык кеңеште 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын коргоого сунушталсын.

**Отурумдун төрагасы** **Татенов Т.Б.**

**Отурумдун катчысы** **Нийматжан кызы Н.**

Кафедра башчысынын ю.и.к., доцент
М. Б.Татеновдун жана
кол тамгасын
тастыктаймын
ОшМУнун ОК катчысы, п.и.к., доцент Асанбекова Ж.Дж.